# РЕВОЛЮЦИЯ – ТАРЫХЫЙ ТҮШҮНҮК

**ДҮЙШЕЕВ Ж.А.**

*Макалада революция түшүнүгү тарыхый жагдайдан изилдөөгө алынып, анын азаркы учурдагы мааниси чечмеленет. Теориялык жаңы критерийлер баяндалып, коомубуздагы саясий окуялардын бааланышына негиз болот.*

Революция түшүнүгү тар жана кең маанилерде колдонулуп келүүдө. Советтик тарыхчы жана публицист Н.Н. Молчанов: “Революция – бул кан, муң, коркунуч, жокчулук жана жабыгуу. Булар революциянын жемиши үчүн керек. Аң-сезимдүү чыгармачылыктан айырмаланып революция башаламан коркунучтуу учурлары менен өзгөчөлөнөт” – деп белгилейт. Француз революциясынын күндөлүктөрүнө саякаттасак мындай саптарды кездештиребиз: “Революциялык комитеттер жана алардын секциялары тынымсыз иштеп жатышты. Арты өлүм менен аяктаган кармоолор уланып жатты. Экс-министр Клавьер түрмөдө өз өмүрүнө кол салды. Жумушчунун кийимин кийинип качып бара жаткан экс-министр Лебрен дароо өлтүрүлдү. Күнөөдөн арылбагандыгына байланыштуу өзүн өлтүргөндөрдүн мүлкүн конфискациялоо тууралу мыйзам тез арада кабыл алынды. Король отурчу Люксембург сарайы жийиркеничтүү түрмөгө айланды. Тез арада Парижде 12, ал эми жалпы Францияда 44 миң түрмө пайда болду. Гильотина шакылдап иштеп жатты”. 1989-жылы революциянын 200 жылдыгына карата жарык көргөн “Биографиялык антологиянын” эсеби боюнча бул революциянын курмандыктарынын саны 17 миң болгон. “Мекенди чокойго салып кетүү мүмкүн эмес” деген Дантондун сөзү биздин саясатчылар үчүн үлгү боло алган жок. Бийликтин мазасын татып, жазасына чыдабагын жүүнү бош, эрки жок саясатчылар коомдо өз орундарын табышы керек. Чындыгында “Революция – өнүгүүнүн жапайы жана баскынчыл жолу. Адамзат өнүгүшүнүн жолу чындыгында эле адамгерчиликтүү болгон учурду көрөөр бекенбиз” деген улуу гуманист Жан Жорестин пикири бүгүн да актуалдуу бойдон келе жатат.

Коом таануучулардын 21-к. башындагы социологиялык изилдөөлөрүнүн тыянактарына караганда революциянын натыйжалары төмөнкү белгилер аркылуу аныкталат:

1. Саясий режимдин күч менен алмашуусу (Мамлекеттик символдорго чейин);
2. Жөндөмсүз элитанын же башкаруучу таптын толук алмашуусу;
3. Экономика жана коомдук саясаттагы алга сүрөөчү жаңылануулар;
4. Өткөндөн кескин баш тартуу;
5. Коомдук аң-сезимдин жаңыланышы – (коомдук адептин жана тарбиянын кайрадан институтташы жана уюштурулушунан улам) жаңы адамдын калыптанышы.

Жогорудагы беш белгинин баарына толук жооп бергенде гана биз таза революция жөнүндө айта алабыз. Революциялар эволюциялык мүнөздү да алат. Маселен, Англиядагы Улуу козголоң (1640-60-жж.) 20 жылга, Америка революциясы (1761-1776-жж.) 15 жылга, Француз революциясы (1787-1799-жж.) 12 жылга, ал эми Кытай революциясы (1911-1948-жж.) 37 жылга созулган. Узак келечекте биз сөз кылып жаткан март жана апрель революциялары эгемендүү Кыргызстандын саясий-экономикалык калыптануу жолундагы катардагы окуяларга айланып калышы да мүмкүн.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан эле республикабыз ЭВФ менен ДБтын эксперттеринин сунуштарына негизденип жана ички мүмкүнчүлүктөрдү эске алып, стратегиялык маанидеги реформалардын беш багытын аныктаган. Алар:

- Менчик маселесин чечүү;
- Баалардын коё берилиши же эркин баа;
- **Мамлекеттик башкаруу системасын жаңылоо;**
- Инфраструктураны колдоо;
- Аймактарды тең салмакта өнүктүрүү.

Бирок, белгиленген артыкчылыктар толук эмес же ашыра аткарылгандыктан улам, өзгөчө саясий мааниси терең **Мамлекеттик башкаруу системасын** реформалоону маани бербей жүргүзгөн аракеттердин соңунан 2005-жылдагы саясий окуялар жүз берди. Мураскеринен айырмаланып, жаңыланган бийлик өзүнүн алдына өнүгүүнүн артыкчылыктуу багыттары катары төмөнкүлөрдү койгон:

- Кыргызстан – эмгектенип жана эркин иштеп, татыктуу жашоого мүмкүнчүлүгү бар өлкө. Ар бир кыргызстандык жумушчу орду менен камсыздалат, ар бир жаран татыктуу эмгек акысын алат!
- Карылар жана балдар үчүн камкордук!
- Кыргызстан – ажайып табият менен жакшы жашоо өрнөгүнүн өлкөсү!
- Мамлекет элге, коомго кызмат кылат. Эл, коомчулук мамлекетти көзөмөлдөйт!
- Бардыгы мыйзам алдында тең. Социалдык жоопкерчиликтин теңдиги. Кыргызстан – социалдык адилеттүүлүк орногон мамлекет. Мыйзам мамлекетте салтанат курушу керек! Коррупция «№1-душман»! Абийирдүүлүк жана чынчылдык биздин жашоого кайрылып келиши керек!
- Сапаттуу окуп билим алуу – келечектин өбөлгөсү. Акыл-эс – улуттун башкы байлыгы, дөөлөтү!
- Экономикалык программа өлкөнүн байышын жана ар бир кыргызстандыктын бакубаттуулугун камсыздашы керек!
- Табигый байлыктарыбыз Кыргызстан элине кызмат кылууга тийиш!
- Кыргызстандын тышкы саясаты – кошуналар менен болгон жакшы мамиле. Кыргызстанды достору тегеректеп турат!

Тышкы саясаттын негизги принциптери: 1. Биздин достор – бизден алдуу эмес, өз пикирин улуттук кызыкчылыктарыбызга каршы койбостон жардам бергендер; 2. Биздин чек ара криминал үчүн жабык, бирок туризм жана соода үчүн ачык; 3. Биздин коңшулар – биздин достор жана пайдалуу өнөктөштөр; 4. Биздин өлкө карызды өнүгүү үчүн алат жана учурунда кайтарат. Дүйнөлүк державалар жана коңшулар менен кызматташтыкта көп вектордуулукту тутунуу; тышкы саясаттын негизги багыттары – аймактын туруктуулугу, наркотрафик жана терроризмге каршы күрөш жана соода-экономикалык байланыштарды кеңейтүү.

Жогоруда белгиленгендердин басымдуу бөлүгү башкаруунун калыптанган салтына ылайык сөзсүз аткарылуучу манифест же программа эмес кадыресе кагаз катары кабылданды. Сөздүн баркы кетип, Ажонун сөздөрү иш менен айкалышпады. Мунун кесепети бүгүн биз 3 жылдыгын белгилеп отурган окуялардын жаралышын шарттады.

Ар кандай өлкө үчүн саясий бийликтин алмашуусу кыйынчылыктардын тобун жаратаары турулуу иш. Мындай учур ошондогу кыргыз элитасынын башына келди. Белгилүү-белгисиз тышкы жана айрым салттуу оппозициялык, пропозициялык саясий күчтөрдүн сунушу менен өлкө укуктук базаны жаңылоо менен башкаруунун парламенттик жолуна түшүүнү туура көрдү. Алдын ала белгиленген Референдумду үзгүлтүккө учуратуу максатында ички күчтөргө басым жасаган фигуранттар жаракасы улуттук маселени тереңдетип, кайгылуу, кыргызстандык эч бир жаранга пайдасыз июнь окуяларынын жүз беришин шарттады. 27-июндагы Бүткүл элдик шайлоо айрым саясий бийлик бутактарынын кайсы бир деңгээлде мыйзамдашуусуна алып келди. Апрель революциясынын артыкчылыгы – парламенттик республиканы курууну тандап алдык. Мында толугураак түшүнүк алуу үчүн республикалык башкаруунун формаларынан маалымат бере кетсек ашыкча болбос.

**Президенттик Республика.** Президент эл тарабынан шайланат; Баш мыйзамда президенттин ыйгарым укуктары аныкталат; Президент өкмөт-аткаруучу бийликтин башчысы; Өкмөттү курайт жана ал үчүн жооптуу; Министр өз участогу үчүн гана жооп берет жана Президент тарабынан кызматтан кетет; Президент парламентти тарата албайт; Президент менен

парламент бири-бирине көз каранды (парламент президентке импичмент жарыялай алат ал эми президент парламент кабыл алган мыйзамга «вето» коё алат).

***Артыкчыктары:*** Мамлекеттин биримдигин түшүндүрөт; Шайлоочуларга отчет берет; Шайлоочулар Президентти жана парламентти түз шайлайт; Ошондуктан парламент менен президент бирдей демократиялык легитимдүүлүктү талап кыла алат; Өкмөттү туруктуу жетектейт.

***Кемчиликтери:*** Бийликтин бир колго топтолушу аны кыянатчылык менен пайдаланууга жол берет; «Жеңүүчү баарын алат» эрежеси иштейт; Парламент менен бирдей легитимдүүлүккө ээ болгон соң (экөөнү тең эл шайлаган) туюк кырдаалдар көп учурайт; Президент: «Парламент тийиштүү мыйзамды кабыл албады» деген шылтоо менен жоопкерчиликтен кача алат; Ал эми парламент кабыл алынган мыйзамдын ишке ашуусуна жооп бербейт.

**Президенттик Республикалар:** АКШ, Аргентина, Бразилия, Венесуэла, Коста-Рика, Корея, Мексика.

**Парламенттик Республика:** президент парламент тарабынан шайланат; Президент өкүл фигура жана чоң бийликке ээ эмес; Президент өкмөттүн эмес мамлекеттин башчысы, өкмөт иши үчүн жооп бербейт; Парламент өзүнүн алдында жооп бере турган өкмөттү өзү курайт; Парламент Өкмөттү каалаган учурда чакырып алат; Өкмөт коллегиялдуу орган болгондуктан курамы менен отставкага кетет; Президент өкмөттүн макулдугу же конституцияда көрсөтүлгөн учурда парламентти тарата алат.

***Артыкчылыктары:*** парламент менен коалиция түзүп келишимге бара алат; Башкаруудагы ийкемдүүлүк; Өктмөт башчы парламенттин ишениминен көз каранды болгондуктан бирин-бирин кармап туруу жана тең салмактуулук эрежеси сакталат; Аткаруу бийлигине чоң жоопкерчилик жүктөлөт.

***Кемчиликтери:*** өкмөттүн туюкка кептелүү мүмкүнчүлүгүнүн көптүгү (күнүмдүк өкмөттөр); отчеттуулуктун кыйындыгы (чечим коллегиялуу каралат); Саясий атаандаштыктын курчтугу (саясий бийликтин тегерегиндеги соода шайлоодо эмес, парламентте жүрөт).

**Парламенттик өлкөлөр:** Германия, Италия, Индия, Чехия, Словакия, Венгрия, Эстония.

Өз кезегинде Россия империясынын белдүү социологу, революциядан соң чет өлкөгө куулган белгилүү коом таануучу П.А.Сорокин революциялык кырдаалдын келип чыгышынын негизги себептерин төмөнкүдөй көрсөтөт: ачарчылык, эркиндик жана менчик импульстарынын басмырланышы, жеке коргонуу сыяктуу инстинкттердин коркунучка кептелиши. Кырдаалдын тездешинин катализатору болуп бийликтин ыдырашы менен коомдук көзөмөлдүн жоктугу эсептелет. Революция жылдарында калктын сындуу бөлүгү өлкөдөн чегинүүдөн (өз каалоосу менен да күч менен да сыртка) улам мамлекет акыл-эстүү жарандарынан ажырайт. Ал эми калган бөлүгү ашкере иштөөдөн улам артында татыктуу интеллектуал кадрларды калтыра албайт. Революция канчалык кандуу, узак, терең болсо жогоруда аталган көрүнүштөр ошончолук кесепеттүү, эгер, тескерисинче канчалык бат, аз кандуу болсо ошончолук таасирсиз. П.Сорокин революцияны ачарчылыкты, теңсиздикти жана башка коомдук маселелерди чечүүнүн каражаты катары санагандарды кескин сынга алып, муну “өрттү керосин менен өчүрүү” катары эсептеген. Экономикалык чөйрөдө революциялар олуттуу терс кесепеттерди алып келет. Жер иштеткен дыйкан менен мал баккан малчы, бак эккен багбан менен станоктогу жумушчу, сабак өткөн мугалим менен бейтапты караган дарыгер өз ишине жолтоо табат. Элибиз эки (2005-2010-жж.) окуялардын түрмөгүн башынан өткөрүп келди. Бирок, бирдей себептерден улам, окшош шарттарда жасалган аракеттер окшош натыйжаларды берүүдө. Тарыхый процесс жүрүүдө, бирок кыргыз коомчулугунда окуялардан жыйынтык чыгарган алдыга карай өнүгүүлөр сезилбей жаткандыгы өкүндүрөт.

Өлкөбүз акыркы алты жылдын ичинде болуп өткөн саясий окуялардан улам сандаган материалдык, физикалык, интеллектуалдык жоготууларга учурады. Элибиздин менталитетинин ракурсунан алып караганда мындай көрүнүштөрдүн кайталанышы – турулуу иш. Анткени Кыргызстан коомчулугун ыдыратуучу региондук сепаратизм (түндүк-түштүк), улут аралык, диний ж.б.у.с. жагдайлар көп. Эл аралык уюмдардын атын жамынган тышкы “досторубуз” биздин

мындай ажырымдарга шынааларын кагып кеткен, учуру келгенде жиктеп-ажыратуу алардын колунан келет. Ошондуктан ар бир иштин алдын алуу – анын кесепетин жоюуга караганда бир топ жеңил тураарын эске алып, ынтымакта иштөө, жашоо – учурубуз, өзгөчө – келечегибиз үчүн өтө пайдалуу экендигин белгилегибиз келет.

Пайдаланылган адабияттар:

1.Т. Карлейль. Французская революция. М., 1991.
2.Ш. Эйзенштадт. Революция и преобразование обществ. М., 1999.
3.П.А. Сорокин. Социология революции. М., 2008.